КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXII сессиясынын № 1 токтому**

29-декабрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Чоң-Багыш айылынын мечитинин атын өзгөртүп берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине,Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы географиялык обьекттерди атоо,алардын аталышын өзгөртүү,географиялык аталыштарды эсепке алуу жана каттоодон өткөрүү тартиби жөнүндө”Жобонун 10п ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын Чон-Багыш айылынын мурдагы “Ибрахим Халило” мечитинин ордуна жаңы эки кабаттуу курулушун жеке ишкер ушул айылдын жашоочусу Алтымышов Манас өз каражатынын эсебинен бүтүрүп,муниципалдык менчикке өткөрүп бергендигин эске алып,бул мечиттин атын “Даут Манас уулу” жамаат мечити деп өзгөртүп берүү боюнча Чоң-Багыш айылынын жашоочуларынын арызы канааттандырылсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин социалдык маселелер боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>САКАЛДИНСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXII сессиясынын № 2 токтому**

29-декабрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Жарандардын арыздарын кароо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын кезектеги XXXII-сессиясы **токтом кылат:**

1. Сакалды айыл аймагынын Сакалды айылынын жашоочусу жаран Айтиева Орунбүнүн аталган айылдын Октябрьская көчөсүнүн № 77 турак жайында жайгашкан 3-04-08-1001-0293 идентификациялык номери менен катталган 1970,0 кв м жеке менчик жер тилкесинин ичинен 126,50 кв м бөлүгүнүн максаттуу багытын өзгөртүүгө уруксат берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Сакалды айылдык кеңешинин жер жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комитетине тапшырылсын.

Төрага А.Нишанбаев

| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>НООКЕН РАЙОНУ<br>САКАЛДЫ АЙЫЛАЙМАГЫНЫН<br>САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКЕНСКИЙ РАЙОН<br>САКАЛДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>САКАЛДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXII сессиясынын № 3 токтому**

29-декабрь 2023-жыл Сакалды айылы

**Ноокен районунун Сакалды айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы жергиликтүү бюжетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн отчетту жана сунуштаманы кароо жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 34-беренесине негиз **Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXII сессиясы токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ош шаары, Ош, Жалал-Абад жана Баткен областтары боюнча бөлүнүшүнүн 2023-жылдын **29-декабрдагы** Сакалды айыл аймагынын 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы жергиликтүү бюжетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн отчеттун жана сунуштамасы боюнча **№01-6/761** сандуу катынын аткарылышы боюнча А.Осмоновдун маалыматы эске алынсын.
2. Сакалды айыл өкмөтүнүн 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы жергиликтүү бюжетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча түзүлгөн отчетто жана сунуштамада көрсөтүлгөн пункттарды өз мөөнөтүндө кароо жана аткаруу айыл өкмөт башчысы А.Осмоновго жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө өзүмө калтырамын.

Төрага А.Нишанбаев

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
НООКЕН РАЙОНУ
САКАЛДЫ АЙЫЛАЙМАГЫНЫН
САКАЛДЫ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКЕНСКИЙ РАЙОН
САКАЛДИНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САКАЛДИНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА

## Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXII сессиясынын № 4 токтому

29-декабрь 2023-жыл Сакалды айылы

### Сакалды айыл өкмөтүнүн 2023-жыл үчүн бекитилген жергиликтүү бюджетинин 9 ай ичинде үнөмдөлгөн калдыкты пайдалануу жөнүндө

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап чыгып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 34-беренесине негиз Сакалды айылдык кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XXXII сессиясы **токтом кылат:**

1.Сакалды айыл өкмөтүнүн 2023-жыл үчүн бекитилген жергиликтүү бюджетинин тогуз ай ичинде үнөмдөлгөн каражат жөнүндө айыл өкмөтүнүн ФЭБнүн башчысы А.Турганбаеванын маалыматы эске алынсын.

2.Сакалды айыл өкмөтүнүн 2023-жыл үчүн бекитилген жергиликтүү бюджетинин тогуз ай ичинде үнөмдөлгөн 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражаты тиркемедеги аткарылбай калган жумуштар үчүн ажыратылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет жана экономика боюнча комитетине жүктөлсүн.

Төрага А.Нишанбаев

**Сакалды айыл өкмөтүнүн 2023-жыл үчүн бекитилген жергиликтүү бюджетинин тогуз ай ичинде үнөмдөлгөн 1 000 000 (бир миллион) сом акча каражатынын тиркемеси**

| **№** | Айыл айматын аталышы | **Столба штук** | **Траверс комп** | **Км** |
|---|---|---|---|---|
| **1** | Кыргызстан айылына | 30 шт | **30тр** | **4000** |
| **2** | Сакалды айылына | **8шт** | **-** | **2000** |
| **3** | Аримжан айылына | **9шт** | **-** | **-** |
| **4** | Кагазды айылына | **12шт** | **12тр** | **1200,0** |
| **5** | Чон-Багыш айылына | **17** | **-** | **-** |
| | | | | |

Кабель 2Х6 АВБ 600 м кабель

ФЭБнүн башчысы А.Турганбаева